Балдар үчүн Библия

тартуулайт



# Нух жана топон суу

Эдвард Хьюс тарабынан жазылган

Сүрөттөр Байрон Ангер, Лазарус тарабынан тартылган; Alastair Paterson

М. Майлот, Тэмми С. тарабынан жөнөкөйлөтүлгөн

Christian Lingua тарабынан которулган

Bible for Children тарабынан түзүлгөн
www.M1914.org

©2020 Bible for Children, Inc.
Лицензия: Сатпасаңыз, бул аңгемени көчүрүп же басып чыгарууга укугуңуз бар.

Нух Кудайга табынган адам болчу. Калгандарынын баары Кудайды жек көрүп, Ага баш ийишчү эмес.



Бир күнү Кудай таң каларлык бир нерсе кылды. “Мен бул жаман дүйнөнү жок кылам, деди Кудай Нухка. – Сенин үй-бүлөң гана куткарылат”.



Кудай Нухка жер жүзүнө топон суу келерин айтты. Нухка: “Үй-бүлөң менен көп жаныбарлар бата турган чоң жыгач кеме кур”, – деген буйрук берилди. Кудай Нухка так көрсөтмөлөрдү берди. Нух чоң иш баштады!





Нух кемени эмнеге куруп жатканын түшүндүргөндө, адамдар аны шылдыңдашса керек. Нух кура берди. Ошондой эле адамдарга Кудай жөнүндө айта берди. Бирок аны эч ким укпады.



Нухтун ишеними бекем болчу. Мурун эч качан жаан жаабаса дагы ал Кудайга ишенди. Убакыт өткөндөн кийин кеме жүк жүктөөгө даяр болуп калды.

Ошентип жаныбарлар келишти. Кудай алардын кээ бир түрлөрүн жетиден, башкаларын экиден алып келди.



Кичине жана чоң куштар, майда жана алп жаныбарлар кемени көздөй келе жатышты.



Нух жаныбарларды жүктөп жатканда, адамдар аны мазактап кыйкырышса керек. Алар Кудайга каршы күнөө кылганын токтотушкан жок.  Алар кемеге кирели деп суранышкан жок.





Акыры бардык жаныбарлар менен куштар кемеге түшүштү. Кудай Нухту: “Кемеге кир”, – деп чакырды. Нух, анын аялы, үч уулу жана алардын аялдары кемеге киришти. Ошондон кийин Кудай анын эшигин жапты!



Анан жаан жаады. Жер жүзүнө кырк түн, кырк күн бою улуу жамгыр жаады.



Топон
суусу
шаарларды
жана айылдарды
каптап калды.  Жаан токтогондо
тоолор дагы суунун алдында
калды.  Өмүр деми бар
жандыктардын баары өлдү.



Суулар көтөрүлгөндө, кеме суунун үстүнө калкып калды. Балким анын ичи караңгы болгон, балким катуу чайпалып турган, а балким коркунучтуу да болгон. Бирок кеме Нухту топон суудан сактап калды.


Топон суудан беш айдан кийин Кудай
шамал жиберди. Кеме акырындап
барып, бийик Арарат тоолорунун үстүнө
токтоду. Суу ылдыйлаганга чейин Нух
анын ичинде дагы
кырк күн
турду.

Нух кеменин ачык терезесинен карганы, андан кийин көгүчкөндү учуруп көрдү.  Көгүчкөн конгонго жер таппай кайра Нухка учуп келди.

Бир жумадан кийин Нух кайра аракет кылып көрдү.



Көгүчкөн тумшугуна зайтун дарагынын жаңы үзүлгөн жалбырагын алып келди.  Кийинки жумада Нух жер кургаганын билди, анткени көгүчкөн кайтып келген жок.

Кудай Нухка кемеден чыга турган убак келгенин айтты. Нух үй-бүлөсү менен бирге жаныбарларды чыгарды.




Нух ушунчалык ыраазы болсо керек!
Ал курмандык чалган жай куруп, өзүн жана үй-бүлөсүн коркунучтуу топон суудан куткарган Кудайды даңктады.



Кудай Нухка сонун убада берди. Ал эми адамзатынын күнөөсүн соттоо үчүн эч качан топон суу жибербейт.

Кудай өзүнүн убадасын эстете турган белги берди. Көк желе Кудайдын убадасынын белгиси болчу.

Нух жана анын
үй-бүлөсү топон
суудан кийин жаңы жашоо
башташты. Убакыт өткөндө
анын тукуму жер жүзүн
толтурду. Дүйнөдөгү
бардык элдер
Нухтан



жана анын
балдарынан тараган.

Нух жана топон суу

Кудайдын Сөзү Библиянын аңгемеси

бул китепте

Башталыш 6-10

“Сенин Сөзүңөн алган ачылыш жарык берет.”
Забур 119:130

Аягы

Библиянын аңгемелери бизди жараткан жана
сен Аны билишиңди каалаган сонун Кудай жөнүндө айтат.

Кудай биз күнөө деген жаман нерселерди кылганыбызды билет. Күнөө үчүн жаза өлүм, бирок Кудай бизди ушунчалык сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун, Ыйсаны, биздин күнөөлөрүбүздүн жазасы болуш үчүн айкаш жыгачтагы өлүмгө жиберди. Кийин Ыйса тирилип, асмандагы үйүнө кетти! Эгер сен Ыйсага ишенип, Андан күнөөлөрүмдү кечирчи деп сурансаң, Ал кечирет! Ал келип, эми Сенин ичиңде жашайт, сен болсо Аны менен түбөлүк жашайсың.

Эгер бул чындык экенине ишенсең, Кудайга мындай деп айт: “Кымбатту Ыйса, Мен Сенин Кудай экениңе жана менин күнөөлөрүм үчүн өлгөнүңө, азыр болсо тирүү экениңе ишенем. Суранам менин жашоомо келип, менин күнөөлөрүмдү кечирчи, ошондо мен жаңы жашоого ээ болуп, бир күнү Сени менен түбөлүккө болом. Сага баш ийүүгө, Сен үчүн Сенин балаңдай болуп жашаганга жардам берчи. Оомийн”.

Күн сайын Библия окуп, Кудай менен сүйлөш! Жакан 3:16